**Ош мамлекеттик университетинин**

**Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинин**

**Түрк тилдүү мамлекеттердин интеграциясы бөлүмүнүн**

**2025-жылдын 9-сентябрында өткөрүлгөн кезектеги**

Кеңешинин отуруму

**№1 ПРОТОКОЛУ**

**Кеңешменин төрагасы**: ф-м.и.к., доцент Орозов М.О.

**Кеңешменин катчысы**: Режевали кызы Атырүл

**Катышкандар**: 8

**Келбегендер**: 1

Бөлүмдүн мүчөлөрү: 1. Абдыкадырова Ж. Д. 2.Абжапар кызы Фарида

3.Арапова Т. М. 4.Асилбеков Т. М. 5.Сыдыкова Н. А. 6.Шадыева Т. Ж. 7. Каримжанова М.С. 8. Мирлан у К.

**Каралуучу маселелер:**

1. Дисциплиналардын силлабустарын жана баалоо каражаттарынын фондун иштеп чыгуу

**Угулду:** бөлүм башчы, доцент Орозов М.О. – Урматтуу окутуучулар, ректораттын усулдук кеңеши сунуштаган силлабустун, баалоо каражаттарынын фондунун макетине ылайыктап окуткан предметтериңердин ар бирине силлабус, БКФны түзүңүздөр. Силалабус- бул, окутуучу менен студентти предмет боюнча бир мамилеге келтирүүчү документ. Окутуучунун предмет боюнча түзгөн силлабусунда семестр ичи кыла турган жумуштары, студенттерге койгон талаптары, баалоолору жана башка жумуштары камтылат. Түзүлгөн силлабустарга өндүрүштөн рецензия алыңыздар. Силлабусу жок сабак өтүүгө окутуучуларга тыюу салынган.

**Сөзгө чыкты**: бөлүмдүн усулдук кеңешинин башчысы, улук окутуучу Сыдыкова Н. А. – Саламатсыздарбы, урматтуу коллегалар студенттерге берилүүчү силлабустун көлөмүндө маселе жаралат, анткени студенттерге силлабустарды баракка чыгарып студенттерге таркатууда (өтө көп кагаз сарпталат) же чоң көлөмдөгү документти студенттердин телефонуна жүктөөдө студенттер окуйбу деген көйгөй бар. Ошондуктан, силлабустун көлөмүн азайтууну сунуштайм.

**Сөзгө чыкты**: бөлүмдүн окутуучусу Арапова Т. М.- Саламатсыздарбы, урматтуу окутуучулар, бөлүмдүн усулдук кеңешинин башчысы, Сыдыкова Н. А.эжеке маселени туура түшүнүп, туура айтты, силлабустун көлөмү студентке керек болгон маалыматтарды камтыган 2-3 барак болсо жетиштүү.

**Сөзгө чыкты:** болүмдүн окутуучусу Асилбеков Т.М.- Урматтуу төрага, урматтуу коллегалар, усулдук кеңештин башчысы баалоо каражаттарынын фондун тузүү боюнча семинар өтүп берсе окутуучулардын жумушту тез бүтүрүүсүнө өбөлгө түзөт эле.

Бөлүмдүн окутуучулары силлабусун көлөмүнун аз болуусу, ошондой эле баалоо каражаттарынын фонду боюнча семинар өтүлүүсүн сураныштты.

**ТОКТОМ :**

1. Бөлүмдөгү дисциплиналар боюнча жалпыланган силлабустун макетин иштеп чыгуу бөлүмдүн усулдук кеңешинин башчысына жүктөлсүн.
2. Баалоо каражаттарынын фонду боюнча семинарды уюштуруу ЭАББПЖМнын окуу- усулдук кеңешинин башчысына сунуш берилсин.
   Чечимдин аткарылуусу ТТМИ бөлүмүнүн башчысынан суралсын.

**Кеңешменин төрагасы**: Орозов М.О.

**Кеңешменин катчысы**: Режевали кызы Атырүл